**УДК: 82-13**

**Мамбеталиева Суусар Кубаталиевна**
“Кыргызстан эл аралык университети” ОИӨК,
кыргыз-орус тилдери
кафедрасынын окутуучусу
**Мамбеталиева Суусар Кубаталиевна**
УНПК «Международный университет Кыргызстана”,
Преподаватель кафедры
кыргызско-русского языков
**Mambetalieva Suusar Kubatalievna**
Teacher of the Kyrgyz and Russian
Languages department,
ERPC “International University of Kyrgyzstan”

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТА БАТА БЕРҮҮНҮН СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# СЕМАНТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ БЛАГОСЛОВЕНИЯ В УСТНОМ НАРОДНОМ ТВОРЧЕСТВЕ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

# SEMANTIC FEATURES OF BLESSING IN THE ORAL WORK OF THE KYRGYZ PEOPLE

***Аннотация:*** *Кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан нарктуу жөрөлгөлөрүнүн бири болгон “Бата берүү” салтынын Элдик оозеки чыгармачылыктагы ордун, маанисин, анын семантикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү менен батанын касиетин, маанисин, мазмунун, ордун элдик чыгармалардын бир нече үлгүлөрүнө таянуу менен анализге алынды. Дегеле кыргыз элинде батанын түрлөрү, мааниси, бата кандай учурда берилет, кимдер тарабынан берилет, кимге берилээри тууралуу кыргыз элдик оозеки чыгармалардагы бир катар улуу, кенже эпостордон, жомоктордон мисалдар келтирилип, илимий-теориялык жактан анализденип, иликтенди.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик оозеки чыгармачылык, ак бата, тескери бата, үрп-адат, каада-салт, семантика, “Манас” эпосу, эпос, жөрөлгө.*

***Аннотация:*** *Целью данной исследовательской работы является раскрытие значения и определение места "Бата беруу" (благословение), являющегося одним из древнейших обрядов кыргызского народа в устном народном творчестве. Семантические особенности благословения наряду с его содержанием и значением были рассмотрены на основе нескольких пример из кыргызских народных произведений. Главным образом, в кыргызском народе важную роль играют как виды благословений, так и когда, кем и кому дается благословение. Примеры взяты из ряда кыргызских великих и малых эпосов и сказок, проанализированы и изучены с научно-теоретической точки зрения.*

***Ключевые слова:*** *устное народное творчество, благословение, обычаи и традиции, сематика, эпос “Манас”, эпос, обряды.*

***Abstract:*** *The purpose of this research work is to reveal the meaning and determine the place of "Bata beruu" (blessing), which is one of the oldest rites of the Kyrgyz people in oral folk art. The semantic features of the blessing, along with its content and meaning, are considered on the basis of several examples from Kyrgyz folk works. Mainly, in the Kyrgyz people, both types of blessings play an important role, as well as when, by whom and to whom the blessing is given. Examples are taken from a number of Kyrgyz great and small epics and fairy tales, analyzed and studied from a scientific and theoretical point of view.*

***Key words:*** *Oral folk art, white blessing, reverse blessing, customs and traditions, semantics, epic Manas, rites.*

**Киришүү**

“Бата” деген сөз араб сөзүнөн алынган. Сөздүн мааниси алкыш айтуу, ак ниет билдирүү. Бата алуу кыргыз эли үчүн теңдеши жок асыл сөз. Ал сөз бүткүл адамзат тарыхындагы кудурети күчтүү, ыйык, сыйкырдуу сөз. Кыргыз эли илгертеден ак батадан күч кубат алып, таза, ийгиликтүү жолго алып барат деп ишенишкен. Ошондуктан улуу урматтуу, даражасы бийик карыялардан, оозунда сөзү бар кадырлуу эл оозуна алынган бийик инсандардан бата алып калууга ашыгашкан.

Бата бул – демге дем кошуп, кубатка шыкак берип, жан дүйнөнү аруулаган улуу сөз. Бата бул – теги Теңирден буюруп, айтуучунун оозуна сала берген кубаттуу каалоо-тилек. Бата бул – адамды жамандыктан арылтып, жакшылыкты чакырган, аруулукту ыроологон, асылдыкты жылоологон, суук көз, суук сөздөн калкалаган таза нур.

"Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт", "Атаңдан бото калбасын, бата калсын" деп байыркы кыргыз элинде батага абдан терең маани беришип, кадыр тутушкан. Уул-кызын бата алууга дилгир чоңойтуп, батанын баасын акыл-эсине кыттай уютушкан. Ал эми улуулар болсо бала-чакасы, небере-чөбөрөсү, укум-тукумуна чейин бата алып берүүгө умтулушкан. Тирүүлүктүн башталгандан, оо дүйнө узаганга чейинки бардык баскычтары бата менен коштолуп, кыргыз баласынын жашоосу бата менен ирээттелип турган. Тестиерлер, өспүрүмдөр бата алсам экен деп улуулардын атын алып, колуна суу куюп, кызматын кылганга дилгир болсо, келиндер жүгүнүп, тергеп, атайылап кийимин тигип берип батага арзышкан. Ал эми жигиттер атайы тартуу алып келип, ыраазы кылып же кыжаалат кылган абалдан куткарып батага жеткен.[1]

Адатта кыргыз элинде бата берүүдө бата берген карыя, ак сакал адам алакан жайып, көкүрөктөгү болгон ыраазычылыгын билдирип, чын жүрөгүнөн чыккан жан дилиндеги “ыйык” сөздөр менен алкап, каалоосун билдирип, чын ыкластан жакшы тилектерин арнаган. Бата сураган бала эки колунун чыпалактарын тийиштире тең кармап, алакандарын бириктире, бетине жакын тутуп, берген батаны аягына чейин күтүп, акырында гана «оомийин» деп, батаны кабыл алдым деген мааниде колун жүзүнө сүртөт. Бата алат. Айланада турган эл да жалпы алакан жайып бата кылышат.Ошондо гана бата алган адам батанын улуу таасири менен ийгиликтерге, жакшылыктарга, тилектерине, асыл максаттарына жеткен учурларды кездештирүүгө болот.

Бата – жашоо-шарт жагдайына жараша көп түргө бөлүнөт. Алсак: жаны конушка алынган бата, бала төрөлгөндөгү бата, ат коюудагы бата, бешикке салуу батасы, тушоо кесүү батасы, мал союлгандагы бата, үрөн себүүдөгү бата, жалпы элге бата, жаш жубайларга бата, уулга бата, кызга бата, дасторконго берилүүчү бата айтор, санай берсе дагы көп.

Бата – Өргөөңөр башка, казаныңар ашка толсун!
Төрүңөр кенен болсун, оокатыңар белен болсун,
үйүңөр куттуу болсун!, – деп жаңы өргөө көтөрүп, үйгө киргизгенде бата беришчү экен.

Ал эми жаш жубайларга:

Баш алган буудайдай ыргалгыла,
Кошулган талдай чырмалгыла.
Ырысыңарга эр бала сүйгүлө,
Кызыгыңарга кыз бала сүйгүлө.
Кайгыланбай каткырып
Кол кармашып жүргүлө, – деп бата беришкен.
Колго суу куйган балага:
Булактай тунук бол,
Төбөсү бийик улук бол!
Кичүүгө өрнөк бол,

Жакшылыкка өнөк бол!
Эне сүтүн актаган,
Эр-азамат жигит бол!
Келечекке билик бол![2] — деп алкоо айтылган.

Байыркы Касиеттүү ата-бабалардын баталары эл сезимин, эл намысын ойготкон, чачылган элди жыйнаган, бузулган элди бириктирген, баласыздарга перзент тартуулаган, иштеринин оңолушуна түрткү болгон, элдин ынтымагын чыңдаган.

Батанын башы, бул бала үчүн ата-энеден алган бата. Ата-Эне баланы мүлдө жан-жаратылышка, анын Бийик Ээсине жалгап турган жападан-жалгыз көпүрө сыңар. "Ата-Эненин артында Кудай турат" деген кыргыздын кыраакы сөзү ушул. Чоң Кудайдан кийинки эле, Кудай-Ата-Эне. Бул тууралуу Ак Бата да: "Атам" деп жадында жүргөн жанды,

Аркы дүйнөдө Теңирим колдосун.
"Энем" деп эсинде түйгөн жанды,
Эки дүйнөдө Эгем колдосун,-

- деп мындай жанга батанын эң бийигин-ыйыгын ыроологон. Батанын да батасы, бул-Элдин батасы. Элдин батасын алган азамат Ата-Энеден артылып барып Эл Уулуна айланган жан. "Баталуу эр арыбас, батасыз эр жарыбас" деген макалдын, "Ата-Эненин эле уулу болбой, Элдин уулу бол" деген алкыштын да мааниси ушул. Ал эми Ак Батанын тилеги бу:

Бир үйдүн баласы болбо,
Миң үйдүн санаасы бол.
Бир элдин Атасы болбо,
Миң элдин Даанасы бол.[3]

Кыргыздардын ар бир күнү, ичкен тамагы, жашоосу бата менен башталып, бата менен аяктаган. Мисалы; чоң иш баштаганда, жолго чыгаарда, таң атканда ар бир күндү бата менен баштаган, мал сойоордо бата кылышкан. Ата Бабаларыбыз адам төрөлгөндөн баштап, өлгөнгө чейин баардык жамандык жакшылыктарды, тойлорду бата менен өткөрүшкөн. Кудай жакшылык берген сайын той өткөрүшкөн себеби;

1. Кудай, жакшылык кылганы үчүн ыраазычылык келтиришкен.
2. Туугандарын, досторун, кошуналарын, жакындарын тойго чакырып кубанычтарын бөлүшкөн.
3. Эң башкысы тойлорду өткөргөндө, мал союп, ичип жеп кубаныш эмес, Кудайдан бата, Аксакалдардан бата, жалпы элден бата алалы деп тойлорду өткөрүшкөн.

Бата – Ак бата, анан тескери бата болуп бөлүнөт:

**Ак бата** – бул ак ниет адамга албан-албан жакшылыкты каалоо. Ак бата элин-жерин коргогон эр-азаматтарга, жаңы келген келинге, даам сызган үй ээсине, жаңы төрөлгөн баланы бешикке салганда ж.б. жашообуздагы көп жакшылыктарда берилет. Ак бата тийген адамды бак жалгайт. Ак бата оңой менен жанбайт. Ак бата жанса бак тайыйт.

**Тескери бата** – мунун экинчи аты “Каргыш”. Тескери батаны адам оңой менен бербейт. Жаны ачып, жан дүйнөсү кыйналып, бирөөдөн кордук көргөн адамга гана тескери бата берип коюшу мүмкүн. Тескери бата же каргыш кыя кетпейт, оңой менен дагы жанбайт. Тескери бата алган адам оңбой калышы мүмкүн. Ошондуктан эл арасында “Көрбөйт деп уурулук кылба, укпайт деп ушак айтпа” деген кеп айтылат. Ушак айтып бирөөгө көө жабуу, ууру кылууда көрбөсө да каргап койсо ошону кылган кишиге сөзсүз тиет. Адам баласы тескери бата менен каргыштан жаа бою алыс болгону жакшы.

**Батаны кандай алат**

Бата ыйык, тирүү болгондуктан, эң биринчи бата алуучу кишинин өзүнүн ниетинин тууралыгы, түздүгү, ишеничи болушу керек. Бата алууга ар бир адам укуктуу.

---

[2] https://sputnik.kg/columnists/20170127/1031473759/bata-beruu-kaadasy.html

[3] Чоюн Өмүраалы уулу. «Википедия» ачык энциклопедиясынан алынды.

Алакан жайылаар замат Адам ички ниети менен ыйыктыкка ниет кылуусу менен ыйыктыкты кабыл алууга өзүнүн ички дүйнөсүн даярдап, бүткүл дитин буруу керек.

Ар дайым тамактанууга Теңирден нур сурап, анын нурлуу болушун, ичкен тамагыңдын жугумдуу болушун, Жер Энеге ыраазычылык берүү менен о.э. тамакка ата-бабаларыңды кошо чакырган ниеттин аркасында ыраазычылык берип туруунун өзү ишенимди бекитип, бата алууга шарт түзөт, батаны күчтөнтөт.

Мындай жөрөлгөнүн артында тамак арасындагы керексиз жаман заттардын жок болуп кетишине жана ден соолуктун чың болушуна шарт түзөсүң. Жалпы элге ырыскы тилеп, ичкен тамак андан да чоң ийгиликти жаратат.

**Батаны кабыл алуу**

1. Алакан жаюуда батаны төкпөй-чачпай алуу – алакандан суу төгүлүп кетпегендей болсун. Бата айтылып жатканда жайылган алаканга чыныгы ниетиңди көрөңгө катары салып, чыныгы жан дүйнөң көлкүлдөп эрип турушу керек.

2. Батаны жүзүңө тартканда алакандагы батанын жартысын суу ичкендей ичүү, жартысын жүзүңө тартуу.

3. Жүзүңө алакандагы батаны тартып, жүзүңдөн ылдый тартып, көкүрөккө сиңдирип жиберүү менен кошо көкүрөк тушта турган колду кармап кабыл алуу менен “Теңирим айтканыңызды кабыл кылсын” деп ыраазычылык билдирүү керек.

**Батаны ким берет?**

Батаны көбүнчө тилинде мөөрү бар, акылга дыйкан бирөөгө кылдай арамдыгы жок, эл-журтка барктуу, көптү көрүп, көптү билген, нарк-нускалуу даанышман карыялар, ак элечек байбичелер бере алышат. Бата эч качан сатылбайт. Көрүнгөнгө эле, туш келди бериле бербейт. Ошондой эле ар бир учурдун өзүнө гана тийиштүү батасы болот. Ата-эненин батасын алып, бул дүйнөдөн ыраазычылык менен узатуу – балдары үчүн чоң сыймык. Мындай баланын келечеги кең, даңгыр жолго аттанат. Элдин батасын алган эр-жигит – бул дүйнөдөгү эң бактылуу адамдардын бири. Бир нерсеге муктаж адамдын ажаатын ачып, анын батасын алуу – бул чоң сооп иш.[4] [77-79-б]

**Элдик оозеки чыгармачылыктагы бата берүү**

Бата берүү кыргыз элинин тарыхында байыртан калыптанып калган улуу жөрөлгө, каада, нарк, мыйзам. Ошон үчүн байыркылар "бата-сөздүн атасы" дешкен. Кыргызда улуу аксакалдар тарабынан “Бак карасын, кыдыр даарысын”, “Өрүшүн жайык, өмүрүн узун болсун”, “Өмүрлүү бол, бактылуу бол, тилегиңе жет” өңдүү макалдар кыргызда байма-бай айтылып келет.

Бата кубаттуулугу менен кошо аруу таза күчтүн агымы болгондуктан, бата берүү милдети Кошой атабыздай кадырмандар баштаган, Бакай атабыздай акылмандар коштогон, билими менен билги болгон, жакшылыкка үлгү болгон, калкына тирек болгон, күч-кубатка толгон, асылдыкка жеткен, кеп түйүнүн чечкен кишилер гана беришкен. Бата берген киши канчалык бийик болсо, берген батасы да ошончолук күчтүү болгон. Андыктан, издеп, иликтеп, кабарын алыстан угуп, кадырлап жүрүп, мындай адамдардан бата алууга ынтызар болушкан.[5]

Кыргыз жашоосунун үлгүсү катары саналган “Манас” баянынан мисал келтирсек, аялзаттын паашасы делген Каныкей энебиз батасы элди байыткан кадырман Кошой бабабызга эчен эмгек, түмөн түйшүк менен кандагай тигип, аны Көкөтөй атабыздын ашында күрөшкө чыгаар кезинде, керек болгон учурунда тартуулап, ийитип бата алган. Ошол батадан Семетей бойго бүткөн экен.

Айтылган ойду ачыктоо үчүн кыргыз тарыхындагы, тагдырындагы көөнөргүс айжаркын мисал- Кан Кошой бабабыздын Каныкей энебизге берген батасын эстей кетсек орундуу. Көп чатактын башы Көкөтөйдүн ашында Кошой дөөгө чак шым жок бир түптүү эл буйдалып, балбанын чыгара албай кысталып турган тушта кайран энең Каныкей тоо текенин терисинен жа-

[4] Акматалиев А. “Баба салты, эне адеби” Б.1999 [77-79-б]

саткан каңдагайын алдырып, калк намысына туруп берген. Ошондо сөөгү ыраазы Кан Кошой:

"Айгожодон үч тилегиң кабыл деп баталуу болдум эле,
Айгожом айткан үч тилек,
Экөөнү тилеп өткөнмүн.
...Артында калган бир батам,
Сактап жүргөн сүр батам.
...Манас сенин айыңдан,
Баласы жок жайыңдан,
Келгендерден кеп угам,
Кейүүчү сөздү көп угам,
Келин балам Каныкей,
Төрөбөй жүрөт деп угам,-

- деп анан ошол саргартып сактап жүргөн сүр батасын:

Манаска парзант берсин деп,
Пайдасын калкы көрсүн деп,
Каныкей эркек туусун деп,
Душмандан намыс куусун деп,
Баатыр бала болсун деп
Манастай арбак консун деп",-
Каныкейге арнаган жайы бар.
Тилекти берсе бир Алла,
Туулса мындан бир бала,
Ургаачы болбой эр болсун!
Атышканын алсын деп,
Көрүшкөнүн чалсын деп,
Өлөндүү жерди өрттөгөн,
Өзүнөн бенде өппөгөн,
Туландуу жерди тутантып,
Туугандын баарын кубантып,
Кайратын калк, эл туюп,
Суу ордуна кан төгүп,
Катылышкан душманын,
Өгөөлөсүн темирдей,
Акыры тууса эркеги,
Аты болсун Семетей,
Арууке келин баласы,
Акылдашы ар качан,
Ага болсун Күлчоро,
Кыдыра кырчын тал болсун,
Кырга чыга бергенде
Семетейге Кудай жар берсин! Оомийин![6] -деп бата берет. [162-163-б]

Ошентип эл мүдөөсү Семетей батадан бүткөн. Бул, билгенге, өтө терең, купуя маанилүү кеп. Бул бата тилегендин да, бата бергендин да дили тазарган өзгөчө бир кырдаал, жаны ийиккен өзгөчө бир аяр абал. Бата тилеген жандын өзөк түпкүрүндө өрт жанган арман-көксөөсүн дирт туйган кыраакылык, даанышмандык. Бата мына ушундайда ордунан келет, оңунан чыгат.

Кошойдун батасы кабыл болуп, Каныкей Семетейдей эр жүрөк уулдуу болот. Ушундан улам эл ичинде Семетей батадан бүткөн, туулган деген канапуу накыл кеп айтылып калыптыр.

[6]“Манас” эпосу 3-том.(С.Орозбаковдун варианты) Бишкек – 1995 162-163-б.

Эр Манас кезектеги бир жоого аттанаардын алдында Бакай менен Кошойдон бата сураганда, эки кан мойнуна куруларын сала, алакандарын жая:

Жараткан уккун кебимди,
Сындыра көрбө белимди.
Кудай үстүн кыла көр.
Кабылан Манас шеримди,
Кытайды үстүн кылбагын,
Ободо Чолпон жылдыз бар.
Артына Кудай тарапта.
Каракалмак Манжуунун,
Жан деп кудай жаратсаң.

Дегеле көзүн каратпа. Оомийин![7] — дешип чуркурап, баталарын беришкен. [213-214-б]

“Манас” эпосунда мындай батанын берилиши арбын учурайт. Эпосто Бакай Ата Манаска кеңешчи гана болбостон жолуна чырак, акылына акыл, күчүнө күч кошкон улуу кеменгер, даанышман кейипкер кыргыз элинин бата берүүчү “улуу” касиеттин эгедери болгон бата берчү адамдын эталону, үлгүсүн көрсөтүп турат. Белгилүү скульпторлор, сүрөтчүлөр Бакай Атанын элесин чагылдырууда эки алаканын жайып бата берип жаткан ак сакалы жайкалаган, ак калпагы, ак чепкени өзүнө куп жарашакан нукура ак сакал карыяны чагылдырып беришет. Ошондой эле Бакай Атаны сүрөтүн сөз менен тарткан улуу манасчылар да "Кайран Бакай карыя – акылы элге дарыя", "Атка минсе – ак жолтой, атышкан жоодо – сан колдой, жортуп чыкса – ак жолтой, жоого тийсе – сан колдой", "Калк агасы кан Бакай", "Капилеттен сөз тапкан, караңгы түндө көз тапкан", "Туйгун Бакай олуя", "Акылы терең кеменгер", "Айла тапкыч акылман", "Бакай баатыр көк жалдын, акылы кенен дарыя", "Акылы менен жайкаган, алты айлык болор азапты, көз ачымда байкаган", "Адамзаттын туйгуну, Олуяттын кулуну", "Аркадан жүрсө сан колдой, астында жүрсө ак жолтой" деген сөз айкаштарын колдонуп сүрөттөшөт.

Бакай атанын батасы
Айтылуу шумкар көздөй бол,
Адам таппас сөздүү бол.
Байсалдуу артың үзүлбөс,
Бак баштаган көчтүү бол.
Балага балтыр бешик бол,
Бакытка ачык эшик бол,
Улууну сыйлап жетик бол,
Кичүүгө өмүр кешик бол.
Аккан суунун шары бол,
Балбандардын алпы бол,
Оорулууга дары бол,
Опол тоодой кары бол.
Кыдыр болсун жолдошуң,
Кыйын күн башта болбосун.
Ыйык тут ата ордосун,
Омийин, кудай колдосун![8] [117-118-б]

Ошондой эле баатырдык кенже эпостун бири “Курманбек” эпосунда да бата берүүнүн элементтерин көрүүгө болот. Айтылуу баатыр Курманбек жоого аттанаарда атасынан Телтору атын сураткнда атасы Тейитбек уулу Курманбекке атын бербей тескери батасын берген жайы бар:

Падышалуу жоо келсе,
Башыма өлчөп минерим,

[7] “Манас” эпосу 3-том .(С.Орозбаковдун варианты) Бишкек – 1995 213-214-б.

Бардык калмак
ханыңдын,Баса
сайсын жүрөгүн.
Кара таандай
калмактар
Катырсын таштай
тилегин.Көөдөнүн
найза аралап,
Көкүрөгүн
жаралап,
Көмөлөтсүн
калмактар Көк
жалыңды камалап,
Көөдөнүнөн кара
кан
Көп куюлсун
салаалап, Көп
калмактар
ханыңды,
Көк бөрү тартсын талаалап!
Жүрөгүн найза
аралап, Жүлүнүн
кошо жаралап,
Жүрөгүнөн кара
кан.
Көбүктөсүн
салаалап! Алтын
ооз шаарыңды
Талкаласын
камалап. Урулуу
калмак ханыңды
Улакча тартсын талаалап.[9] [69-70-б]

Атанын берген тескери батасын жамандыкка жоруган Курманбектин кырк жигити жоого чыккандан чочулап, жеңилип калабыз деп баатыр менен жоолашкандан баш тартышат. Атанын батасы тийип Курманбек жоого кыйын Телтору аты жок чыгып, жоодон жеңилип, жушмандынколунан каза табат.

Мыдан улам тескери батанын таасири кайып өтүп кете албаган өзгөчө күчү, касиети бар экенин тастыктайт. Мындай көрүнүштөр кыргыз элинин жашоосунда кедешип жүргөнүн байко- ого болот. Адатта тескери бата оңой менен берилбегени менен адамдын жасаган оор күнөөлөрү үчүн, кылмыштары үчүн, адамды азапка салып жанын кейиткени үчүн жасаган иштерине жараша каргыш катары айтылып келегни анык.

Ошон үчүн кыргыз элинин жашоосунда бата берүүнүн мааниси терең, касиети мол делет. Бекеринен “Жамгыр менен жер көгөрөт,бата менен эл көгөрөт” (Эл макалы) деп айтылбаса керек.

***Балдарынын***
***атасы жок,чалдарынын батасы жок***
***заман келбегей эле.***
***Арстанбек***

**Колдонулган адабияттар:**


1. Рыспаев С., Абдухамидов Б., Батыркулова А.“Кыргыз адабиятынын антологиясы”. Б.201268-70-б
2. Акматалиев А. “Баба салты, эне адеби” Б.1999 111-114
3. Өмүралиев Ч. “Теңирчилик. Коом. Мамлекет”. Б.2012
4. Алимбеков А. Кыргыз этно педагогикасы: Окуу куралы. 1-бөүм.-Б.:1996.
5. “Манас” эпосу 2-том. (С.Орозбаковдун варианты) Бишкек – 1995 117-118-б.
6. “Манас” эпосу 3-том. (С.Орозбаковдун варианты) Бишкек – 1995 162-163-б., 213-214-б.
7. Закиров С. “Курманбек, Жаныш Байыш” Эпосу Ф. “Кырыгзстан” 1970-ж. 69-70-б.


[8] “Манас” эпосу 2-том .(С.Орозбаковдун варианты) Бишкек – 1995 117-118-б.

[9] “Курманбек, Жаныш Байыш” Эпосу Ф. “Кырыгзстан” 1970-ж. 69-70-б.